КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма үчүнчү сессиясы**

Орозбеков айылы 2023-жылдын 04-ноябры

## ТОКТОМ № 144

**Орозбеков айыл аймагындагы кунарсыз, деградацияга учураган жайыт жерлерге жайыт чөбүнүн үрөнүн себүүнү уюштуруу үчүн бюджеттен акча каражатын ажыратып берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын12-сентябрындагы “Жайыттардын абалын, түшүмдүүлүгүн, жайыт жерлеринин асылдуулугун жакшыртуу, жайыт комитеттерине, үрөн чарбаларына мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндөгү”№ 526-т тескемесин аткаруу жана жайыт комитеттерине колдоо көрсөтүү максатында, айылдык кенештин бюджет, экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагындагы кунарсыз, деградацияга учураган жайыт жерлерге жайыт чөбүнүн үрөнүн себүүнү уюштуруу үчүн жергиликтүү бюджеттен 70 000 (жетимиш миң) сом акча каражаты ажыратылып берилсин.

2. Жайыт комитетине мыйзам чегинде жергиликтүү бюджеттен акча каражатын ажыратып берүү жагы Орозбеков айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **О.Ибрагимов**